**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# Сабактын планы

## Предмет: Технология

## 5-класс

## Тема: Кийим-кечени жана бут кийимди күтүү

**Мугалим: Оморбекова Г.Р.**

**2021-жыл**

**Предмет:** Технология Класс: 5-а
**Өтүлгөн күнү:** 28.04.2021-жыл
**Сабактын темасы:** Кийим-кечени жана бут кийимди күтө билүү.
**Сабактын тиби:** Жаңы билимди өздөштүрүү
**Сабакта колдонулуучу усулдар жана ыкмалар:** изилдөөчүлүк


| **Сабактын максаттары** | | **Күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк** | Кийим-кечени жана бут кийимди күтө бүлүүнүн эрежелери менен таанышуу. Сергек жашоого үйрөнүү. | Кийим-кечени жана бут кийимди күтө билүүнүн эрежелерин билишет. |
| **Өнүктүрүүчүлүк** | Өнүктүрүү, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өркүндөтүүгө түрткү берүү | Логикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүгө түрткү берилет. |
| **Тарбиялык** | Эмгек тартибине жана эмгек маданиятына тарбиялоо | Эмгек тартибине жана эмгек маданиятына тарбияланышат |

**Сабактын жүрүшү:**

| Этап | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети |
|---|---|---|
| **Уюштуруу** | Саламдашуу, жагымдуу маанай түзүү. | Саламдашуу жагымдуу маанайда сабакка киришет |
| **Үй тапшырма суроо** | Окуучулардан үй тапшырмасын суроо, текшерүү. | Окуучулар үйгө берилген тапшырма боюнча жооп беришет. |
| **Жаңы теманы түшүндүрүү** | Кийим-кече - бул адамдын денесин сырткы таасирден сактап турган буюмдардын жыйындысы же буюм.<br>Кийим-кечеге коюлуучу талаптар.<br>1.Гигиеналык талап<br>2.Эксплутациялык талап<br>3.Эстетикалык талап.<br>Кийим кечеңер жана бут кийимиңер көпкө чейин кийилишин күтө билүү | Билүү керек: Кийимди күтө билүү жөнүндө маалыматты камтыган белгини билишибиз керек.<br>Бут кийимди күтө билүү.<br>Бут кийимдерди күтө билүүжана аны туура сактоо керек. Кандай гана бут кийим болбосун күн нуру тийбеген, чаң кирбеген, кургак жерде шкафтын ичинде сакталыш керек. |
| **Бышыктоо** | Кийим-кече деген эмне?<br>Кийимдерге кандай талаптар коюлат. | Суроолорго жооп беришет. |
| **Тапшырма** | Окуп үйрөнүү | Окуп үйрөнүшөт |

# Кийим кечени күтө билүү.

Кийим-кечени узакка кийүү үчүн жана күнү бүгүнкүдөй көрүнүп турушу үчүн аны күтө билүү керек. Бул үчүн кийим-кече өндүрүүчүлөр буюмду күтө билүү жөнүндө маалыматты камтыган белгини кошо тигишет.




Бүгүнкү күндө дүкөндөрдө жүндөн, жибектен жасалган кийимдерди күтүү үчүн ар түрдүү жууп тазалоочу каражаттар абдан көп. Кийим кечени жууп жатканда колдонууга көрсөтмөсү бар, атайын арналган порошок, гель же пасталар колдонулган учурда накта жүндөн жана жибектен жасалган кийим-кечелер чылап коюуну талап кылбайт. Ошондуктан аларды жууганга чейин буюмдар жасалган кездеменин түрү, өңү, кирдөө даражасы боюнча сорттоо керек.

Жүндөн жана жибектен жасалган буюмдарды кайнатканга, 30-45$^0$ Стан жогорку температурадагы ысык сууга жууганга болбойт. Жууган жана чайкаган суулардын температуралары бирдей болушу керек, андай болбосо буюмдар кирип кетиши мүмкүн. Жүндөн жасалган буюмдардын өңү өчпөс үчүн аларды ичинен аңтарып жууйт жана кургатат.

1 – колго жуулат.
2 – жууганга болбойт.
3 – максималдуу температурасы $30^0$С сууда колго гана жуулат, ушалаганга, сыкканга болбойт.
4 – көрсөтүлгөндөй ашпаган температурада колго же машинага жуулат.
5 – колго же машинага жуулат. Көңүл коюп, көрсөтүлгөн температураны сакта, өтө эле механикалык жол менен иштеткенге болбойт, акырындык менен муздак сууга өтүп чайкалат. Сыккан учурда кимр жууган машинаны акырын сыгуу режимине коюу керек.
6 – көп сууга абдан кылдат жууш керек, минималдуу механика иштетилет, жай айлантып, тез сыгуу керек.
7 – хлордо камтыган агартуучу каражатты колдонуп, муздак гана сууга жууганга уруксат берилет, порошоктун толук эригенине көз салуу керек.
8 – жууганда хлорду камтыган агартуучу каражатты колдонууга болбойт.
9 – үтүктөгөнгө болот.
10 – эң жогоркусу $110^0$ С температурада үтүктөгөнгө уруксат берилет.
11 – эң жогоркусу $150^0$ С температурада үтүктөгөнгө уруксат берилет.
11 – эң жогоркусу $200^0$ С температурада үтүктөгөнгө уруксат берилет.
12 – кургак гана тазаланат.
14 – ар кандай эриткичти колдонуп, кургак тазаланат.
15 – углевород, хлордуу этилен, монофтортрихлорметан менен гана тазаланат (кадимки режим).
16 – углеводород жана трифтортрихлорметан менен гана тазаланат (кадимки режим)
17 – углеводород, хлордуу этилен, монофтортрихлорметан менен гана сууну чеги менен кошуп, механикалык таасир этүүнү жана кургатуу температурасын контролдоп тазаланат (жумшак режим).
18 – углеводород жана трифтортрихлорметан пайдаланылып гана тазаланат (жумшак режим).
19 – сыгып жана кургатканга болот.
20 – сыкканга болбойт жана кургатылат.

Жүн жана жибек буюмдарды толгогонго болбойт, анткени алар формасын жоготуп салышы мүмкүн аларды кийим илгичке илип же түз жерге жайып кургатат.

Жибек кездемелер үчүн – үтүктүн температуралык режими $110^0$ С, жүн кездемелер үчүн температуралык режими $150^0$ С. Буюмдарды ич жагынан үтүктөйт. Кийиминди көпкө чейин кийиш үчүн аны чебердик менен жана тазалыгына көз салгандан башка да аны оңдоп-түзөгөндү (түшүп калган топчу, илмек, тырс этмелерин туура кадаганды) билиш керек.

# Бут кийимди күтө билүү.

Бут кийимди күтө билүү жана аны туура сактоо керек. жаңы булгаары бут кийимди дароо эле бут кийим үчүн атайын май менен майлоо керек, ошондо ал көпкө кийилет жана өзүнүн сырткы көрүнүшүн сактайт. Булгаары бут кийимди кийген сайын тазалап, сүртүп, кургатып, майлап турса териси жумшарып, сынбайт. Үйдөн чыгаарда ал жылтырап турсун десеңер адегенде щётка менен тазалап, анан түктүү жумшак кездеме менен сүртүү керек.

Бут кийимди бөлмө температурасында ичи да, тышы да ачык турсун үчүн рещёткага коюп куратуу керек. Формасын сактоодо түзөтүүчү калыпты пайдаланып же газетаны ичине толтуруп салыш керек. бут кийимди тез кургатуу үчүн атайын электр прибору арналган.

Бут кийимди актайын жасалган кашык менен кийсе апкыты бырышпайт.

Убакыттын өтүшү менен кандай бут кийим болбосун жыттарды өзүнө сиңирип алат. Алардан кутулуш үчүн кагаз баштыкчага салынган тузду бут кийимдин ичине салып коюу керек. ошондой эле бул максат үчүн тиешелүү дезодоранттар сатылат.

Кандай гана бут кийимди болбосун күн нуру тийбеген жана чаң кирбеген кургак жерде, мисалы, дубалга орнотулган н=шкафтын ичинде, антресолдордо сактаган жакшы. Ачык түстүү бут кийимди күңүрт түстүүлөрдөн бөлөк сактаган жакшы. Күнүнө кийилген бут кийимдерди шамалдап туруу үчүн ачыгы бар атайын шкафтарда сактаган туура. Ошол эле шкафка щётканы, бут кийим үчүн майда сактаса болот.

Текшерилди
Окб: [illegible]